**"Бекитемин"**
К.Тыныстанов ат. ЫМУнун
илимий иштер боюнча проректору,
техника илимдеринин доктору
К.Ж.Зиялиев ______
____14____ ______

**Кыркбаева Гүлмайрам Надырбековнанын 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган "Адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн лексика-семантикалык топтогу сөздөр жана сөз тизмектери" деген аталыштагы диссертациясына жетектөөчү мекеме катары К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз тили кафедрасынын**

## КОРУТУНДУ ПИКИРИ

**1. Изилдөө темасынын актуалдуулугу жана анын жалпы илимий, мамлекеттик программалар менен байланышы.**

Соңку мезгилдерде тил илиминин башка илимий тармактары менен бирге адам, анын лингвоменталдык дүйнөсү, адамдын дүйнөнүн тилдик бейнесинин борборунан алган орду өңдүү проблемалар күн тартибине коюла баштады. Анын ичинде адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн сөздөр жана сөз тизмектери аркылуу туюндурулган эстетикалык, оң, терс баалар, мындай сөздөрдүн лексикадагы парадигматикалык жана синтагматикалык деңгээлдериндеги системалык мамиле-катыштары изилдене баштады. Адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө байланыштуу колдонулган тил каражаттары лексикалык системанын алкагында өз ара парадигматикалык, синтагматикалык жана деривациялык карым-катышта, байланышта жашап, кызмат аткарышат.

Тилдин лексика-семантикалык деңгээлиндеги системалуулук сөздөрдүн маанилери боюнча ар кандай лексика-семантикалык класстарга биригүү мүмкүнчүлүгүн шарттайт. Башка тилдик деңгээлдерге салыштырмалуу лексикадагы системалуулук жөнүндө тил илиминин тарыхында кийинки мезгилдерде гана айтыла баштады. Тилди система катары мүнөздөөдө анын лексикалык деңгээлиндеги системалуулук окумуштуулар тарабынан бир жактуу кабыл алынбастан, айрым окумушутуулар тарабынан лексикадагы системалуулукту танган көз караштар да кездешет. Демек, татаал лексикалык системадагы бардык сөздөр бири-бири менен байланышып же каршы коюлуп, алар туюндурган маанилер, эң оболу, башка сөздөрдүн маанилери, тагыраак айтканда, алардын лексикалык системадагы орду аркылуу аныкталат. Ушул көз караштан алып караганда, адамдын сырткы келбетин

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им. И. АРАБАЕВА
№.......... "......"..........201....ж/г

14-10-15

сүрөттөгөн кыргыз тилиндеги тилдик каражаттарды изилдөөдө системалуулук принцибине байланышкан жол-жоболор, теориялык негиздер зарыл деп ойлойбуз. Анткени адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө байланыштуу колдонулган тилдик каражаттар кыргыз тилинин базистик лексикасына киргендигине, активдүү колдонулган тилдик каражаттар катары эсептелгендигине карабастан, бүгүнкү күнгө чейин атайын изилдөөгө алынбаган. Демек, аларды ар кандай өнүттөрдөн кароо менен, теориялык жактан негиздөө жана тиешелүү материалдардын негизинде иллюстрациялоо зарылдыгы диссертациялык иштин актуалдуулугун айгинелеп турат.

Изилдөө темасы жана проблемасы изденүүчүнүн жеке демилгеси менен тандалып алынган.

**2. Диссертациянын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобонун» талаптарына туура келүүчү илимий жыйынтыктары.**

Диссертациялык иште кыргыз тилинин базистик, функционалдык жактан активдүү лексикасы катары адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн тилдик каражаттарды системалык принциптин теориялык негиздерине таянуу менен, алардын семантика-функционалдык табиятын, коммуникативдик потенциалын системалуу илимий изилдөөдөн алынган натыйжалар 10.02.01 - кыргыз тили адистигинин паспортуна жана «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобонун» талаптарына ылайык келет. Иш бул багыттагы кийинки изилдөөлөр үчүн мааниге ээ боло турган, илимий негизделген төмөнкүдөй жыйынтыктарга ээ.

**1-жыйынтык.** Тилдин лексика-семантикалык деңгээлиндеги системалуулук сөздөрдүн маанилери боюнча ар кандай лексика-семантикалык класстарга биригүү мүмкүнчүлүгү аркылуу түшүндүрүлөт. Татаал лексикалык системадагы бардык сөздөр бири-бири менен байланышып же каршы коюлуп, алар туюндурган маанилер, эң оболу башка сөздөрдүн маанилери, тагыраак айтканда, алардын лексикалык системадагы орду аркылуу аныкталат. (1.2., 1.3..2.1., 2.2.).

**2-жыйынтык**. Лексикадагы системалык байланыштарды изилдөө тилдин сөздүк корун илимий сыпаттоо зарылчылыгы аркылуу шартталган. Ошону менен бирге лексиканы окутууда сөздөрдүн ортосундагы системалуу байланыштарды аныктоого басым жасалат. Лексикалык бирдиктердин топторго биригишинин принциптеринине карата болгон көз караштардын жана аларга карата колдонулган терминдердин көптүгүнө карабай, белгилүү жалпы тенденцияларды аныктап алууга болот. (2.3., 2.4., 2.5.).

**3-жыйынтык.** Семантикалык талаага ар башка сөз түркүмдөрүнө кирген сөздөр тиешелүү болот, бирок тигил же бул сөздүн маанисин толук түшүнүү үчүн ошол сөз кирген семантикалык талаадагы башка сөздөрдүн маанисин билүү зарыл. (2.1., 2.2., 3.2.).

**4-жыйынтык.** Лексикалык системанын синтагматика, парадигматика жана дериватика өңдүү үч чени бар болгондуктан, лексикадагы

системалуулукту түзүп турган сөздөр синтагматикалык, парадигматикалык жана дериватикалык өңүттөрдөн каралуусу шарт. Көркөм тексттин тулкусунда көркөм персонаждардын тилдик портретиндеги бөтөнчөлүктөрдү, алардын сырткы келбетиндеги мүнөздүү белгилерди кокустан эле жазыла калган көркөм деталь катары кароого болбойт. Анткени ар бир штрих тигил же бул деңгээлде автордун субъективдүү баасынын призмасынан каралып, автордук позицияны реализациялоонун каражаты катары кызмат кылат. (3.1., 3.2., 3.3.).

**5-жыйынтык**. Адамдын дене мүчөлөрүн атаган соматикалык сөздөр түз маанисинде башка түрк тилдери сыяктуу эле кыргыз тилинин да базистик лексикасы катары эсептелсе, алардын өтмө, метонимиялык, метафоралык, табу, эвфемизмдик маанилери кыргыз элинин эл катары жашоо-шарты, дүйнө таанымы, каада-салты, үрп-адаты, диний ишенимдери, элдик философиясы менен маданий-этикалык нормалары өңдүү тышкы факторлордун таасиринен улам калыптанган. (3.2., 3.3.)

3. **Диссертациядагы илимий жыйынтыктардын (жоболордун), корутундулардын негизделиши жана ишенимдүүлүгү**.

**1-жыйынтык** илимий жактан негизделген жана ишенимдүү, себеби жалпы тил илими, жалпы түркология жана кыргыз тил илиминдеги илимий-теориялык материалдарга обзордук анализ жүргүзүүнүн негизинде чыгарылган.

**2-жыйынтык** Лексикалык бирикмелерде түзүлгөн семантикалык белгилердин мүнөзү сөздөрдүн классын, алардын топторунун тибин аныктайт. Тил илиминде сөздөрдүн, сөз формаларынын мындай топторуна карата лексика-семантикалык талаа, лексика-тематикалык топ, лексика-семантикалык топ түшүнүктөрү өз кезегинде синонимдик катарлар менен антонимдик жуптарды өзүнө камтып турары илимий көз караштарга таянуу менен чыгарылган, ошондуктан илимий жактан негизделген.

**3-жыйынтык** илимий жактан негизделген жана ишенимдүү, себеби семантикалык талаа бири-бири менен ар кандай байланыш-катышта турган сөздөрдүн жалпы жыйындысынан туруп, системалуулукка ээ экендиги, ал эми кандай гана система болбосун ал байланыш, бүтүндүк жана алар аркылуу шартталган структурага ээ болору илимий-теориялык материалдарга жана материалдарды талдоодон келип чыккан өз алдынча бүтүмдөргө негизделген.

**4-жыйынтык** илимий жактан негизделген жана ишенимдүү, себеби адамдын сырткы келбети анын жүзүндөгү айрым атрибуттар боюнча өзүнчө бир өңүттү түзсө, ал эми адамдын дене мүчөлөрүнүн өзгөчөлүктөрүнө карап сүрөттөө өзүнчө бир өңүттү түзүп турат. Адамды анын сырткы келбетиндеги объективдүү жана субъективдүү белгилерге карап сыпаттоо үчүнчү өңүтү болуп санала тургандыгы материалдарды талдоо жана аларга өз алдынча көз караш менен мамиле жасоонун негизинде чыгарылган.

**5-жыйынтык** Адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн айрым сөздөр метонимиялык мааниде адамдын өзүнө карата колдонулса, көпчүлүгүндө

мындай метонимиялык маанинин мүнөздүү эместиги, көркөм тексттин архитектоникасында адамдын сырткы келбетине байланыштуу тилдик сүрөттөөлөрдүн подтексттик, катафоралык мүнөздөгү маалыматтарды туюндуруу мүмкүнчүлүгү алардын мазмунун түзүүчү компонент катары коммуникативдик потенциалга ээ экендиги теориялык-методологиялык жоболорго таянуу менен, иллюстрациялык материалдардын негизинде чыгарылган, ошондуктан илимий жактан негизделген.

**4. Диссертациядагы илимий жыйынтыктардын, бүтүмдөр менен корутундулардын жаңылык деңгээли**.

**1-жыйынтыкты жарым-жартылай жаңы** деп эсептөөгө болот, анткени адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата пайдаланган тилдик каражаттарды лекска-семантикалык топторго бөлүштүрүүдө жалпы тил илиминде окумуштуулар тарабынан айтылган критерийлер колдонулуп, чет тилдүү аудиторияга адамдын келбетин сүрөттөөгө карата орус тилиндеги эмгектерде, ошондой эле алтай уясына кирген тилдердин мисалында компоративистикалык багыттагы изилдөөлөрдө аныкталган.

**2-жыйынтыкты жарым-жартылай жаңы** деп эсептөөгө болот, анткени лексика-семантикалык топ жана семантикалык талаа бири-бири менен тыгыз байланыштагы категориялар катары эсептелгени менен, өздөрүнүн масштабдары боюнча айырмаланышат: семантикалык талаа лексика-семантикалык топту өзүнө камтыган кеңири түшүнүк болуп эсептелсе, эреже катары бир сөз түркүмүнө кирген сөздөрдүн жыйындысынан турган лексика-семантикалык топ түшүнүгү, өз кезегинде синонимдик катарлардан курала тургандыгы илимий-теориялык адабияттарда белгилүү.

**3-жыйынтык жаңы** болуп саналат, себеби прецеденттик феномендер, прецеденттик тексттер, прецеденттик айтымдар жана ысымдар тигил же бул элдин жашоосундагы кандайдыр бир тарыхый этаптагы тенденциялар, өзгөчөлүктөр, кырдаал-шарт, жагдайлар тууралуу маалымат берери, ошондой эле алар ар кайсы тарыхый доорлордо пайда болгон окшош жагдай-шарт, кырдаалдар, параллелдер аркылуу элдин тилдик аң-сезиминин калыптануу жолун, бирдиктүү маданий континуумун көрсөтө тургандыгы бул иште алгач ирет иликтөөгө алынган.

**4-жыйынтыкты жаңы** деп эсептөөгө негиз бар, анткени адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган тилдик каражаттарды изилдөөнүн көз караш аспектилери, адамдын сырткы келбетин анын жүзүндөгү өзгөчөлүктөрүнө карап сүрөттөгөн лексика-семантикалык топтогу сөздөрдүн, сөз тизмектеринин семантика-функционалдык өзгөчөлүктөрү жана алардын көркөм трансформациялануу аркылуу текстте актуализацияланышы бул иште тиешелүү илимий-теориялык жоболордун жана иллюстрациялык материалдардын негизинде алгач ирет системалуу талдоого алынган.

**5-жыйынтыкты да жаңы** деп эсептөөгө болот, анткени адамдын сырткы келбетин анын дене мүчөлөрүнө карап сүрөттөгөн лексика-

семантикалык топтогу тилдик каражаттар, алардын семантика-функционалдык жана синтагматикалык өзгөчөлүктөрү бул иште алгач ирет сөзгө алынган.

**5. Алынган жыйынтыктардын ички биримдигин баалоо.**

Кыркбаева Гүлмайрамдын диссертациялык изилдөөсү адамдын сырткы келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган тилдик каржаттарды изилдөө багытындыгы жалпы тил илиминдеги теориялык негиздер менен илимий концепцияларды анализдеп чыгуу аркылуу адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн кыргыз тилиндеги айрым тил каражаттарын семантика-функционалдык өңүттөн лингвистикалык иликтөөгө алууга арналып, аталган проблемалар боюнча изилдөөдөн алынган жыйынтыктар ички биримдикке, улантуучулук мүнөзгө, логикалык ырааттуулукка, маани-маңыздык байланыштуулукка ээ.

**6. Алынган жыйынтыктардын тиешелүү актуалдуу проблемага, теориялык же колдонмо маселеге багытталышын баалоо.**

Кыркбаева Гүлмайрамдын диссертациялык иши лексика-семантикалык талаа, лексика-тематикалык топ, лексика-семантикалык топ түшүнүктөрүнүн теориялык жактан маңызын, приципиалдуу айырмачылыктарын, иерархиялык тартибин жана маанилик чектерин аныктоого, прецеденттик феномен, прецеденттик текст, тилдик аң-сезим, эркин ассоциативдик эксперимент түшүнүктөрүнүн маанисин кыргыз тилинин факты-материалдарынын негизинде чечмелөөгө багытталган. Ошондуктан диссертациянын жыйынтыктары, материалдары, жоболору илимий изилдөөчүлүк, билим берүүчүлүк, практикалык мааниге ээ.

**7. Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын, бүтүмдөрүнүн жетиштүү санда жарык көрүшү.**

Диссертациялык изилдөөдөн алынган негизги жыйынтыктар, жыйынтык-корутундулар КР ЖАКнын тизмесине кирген же индекстелген системага кирген басылмаларда диссертанттын жеке авторлугу менен жарык көргөн 6 макалада чагылдырылган.

**8. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна шайкеш келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаты менен милдеттерине, негизинен, шайкеш келет. Кээ бир формалдык айырмачылыктарды эске албаганда, диссертацияда орун албаган кошумча, ашыкча же жаңы маалыматтар жок. Авторефератка коюлуучу талаптар сакталган.

**9. Диссертациянын мазмунунда жана жасалгаланышында кезиккен айрым мүчүлүштүктөр.**

Диссертациянын жана авторефераттын мазмунунда, жасалгаланышында орун алган төмөнкүдөй айрым жагдайлар боюнча сын-пикир, сунуш айтууга болот.

1. Диссертациялык иште адамдын келбетин сүрөттөөгө карата колдонулган тилдик каражаттарды аныктоодо сүйлөмдөрдөн, көркөм тексттерден жетишерлик санда мисалдар келтирилет. Бул туура, бирок айрым мисалдарында адамдын сырткы келбетин берүүдө колдонулган ал тилдик каражаттардын (сулуу, чырайлуу, укмуштуу, келбеттүү, жакшынакай, татынакай, эки көзү жаштыкындай балбылдаган, орто жашап калган, кара каш, саамай чачын эми ак аралаган ж.б.) сүйлөм тутумундагы, текст ичиндеги маанилик жылышуулары, синтаксистик семантикасы толук ачылбай калган.
2. Адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн тилдик каражаттар тууралуу жазылган эмгектерге токтолгон. Арийне, эмгектердеги козгогон маселелер жөнүндө сөз болгону менен, ал маселелер илимий жактан канчалык деңгээлде териштирилгенине анализ жасап, жекече көз караштa баа бере алган эмес.
3. Адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн тилдик каражаттардын жалпы тил илиминде, орус тил илиминде жана кыргыз тил илиминде изилдениш абалына, алардагы тенденциялуу көз караш-концепцияларга, илимий эмгектерге сереп жасоодо жеке көз карашын ачык билдирсе, иштин теориялык деңгээлин мындан да жогору болмок.
4. Текстте кезиккен орфографиялык каталарды оңдоо зарыл. Караңыз: *лекика-семантикалык* (2-бет 3.3.), *ыраттуу* (38), *до белгилегендей* (41), *лакап* (70, 71, 74) *ж.б.*

### 10. Диссертациянын КР ЖАКтын "Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү Жобосунун" талаптарына ылайык келиши

1. Кыркбаева Гүлмайрам Надырбековнанын 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган "Адамдын сырткы келбетин сүрөттөгөн лексика-семантикалык топтогу сөздөр жана сөз тизмектери" деген аталыштагы диссертациялык изилдөөсү тиешелүү деңгээлде аткарылган, кыргыз тил илими үчн теориялык жана практикалык мааниге ээ болуучу маселелерди камтыган илимий-квалификациялык эмгек болуп саналат жана КР ЖАКнын кандидаттык диссертацияларына коюлуучу талаптарына толук жооп берет, ал эми анын автору 10.02.01 – кыргыз тили адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

Диссертациялык иш К.Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин кыргыз тили кафедрасынын 2020-жылдын 14-февралда кафедра башчысынын милдетин аткаруучу, ф.и.к. Т.Ж.Асирдинова, ф.и.д., проф. А.Т.Дунканаев, ф.и.д., проф. Ж.Осмонова, ф.и.д., проф. А.Иманов, ф.и.д., проф. Ү.Асаналиев, ф.и.д., проф. А.Э.Абдыкеримова, ф.и.к., доц. А.К.Койлубаева, ф.и.к. А.А.Анапияева, ф.и.к. Д.Н.Исмаилова, окутуучу Ж.А.Түмөнбаевалардын катышуусу менен өткөн отурумунда талкууланып, жактырылган (протокол №6). Корутунду пикир филология илимдеринин кандидаты, доцент А.К.Койлубаева жана ф.и.к. Т.Ж.Асирдинова тарабынан жыйынтыкталып түзүлгөн.

Кафедра башчысынын милдетин аткаруучу,
филология илимдеринин кандидаты Т.Ж.Асирдинова

Катчы Ж.А.Түмөнбаева.

Т.Ж.Асирдинова, Ж.А.Түмөнбаевалардын колун
ЫРАСТАЙМЫН
Окумуштуулар кеңешинин
катчысы
«14» 02 2020 ж.

ЖАЛПЫ БӨЛҮМ
ОБЩИЙ ОТДЕЛ
ИНН 01212199610111